Соорбекова А.Т.

# ФИЛОЛОГДУН ТИЛДИ ОКУТУУДАГЫ ПРОФЕССИОНАЛДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮ

Соорбекова А.Т.

# ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ КОМПЕТЕНТНОСТЬ ФИЛОЛОГА В ПРЕПОДАВАНИИ ЯЗЫКА

Soorbekova A.

# PROFESSIONAL COMPETENCE OF A PHILOLOGIST IN TEACHING LANGUAGE

УДК: 821.512.155

Макалада мамлекеттик тил мугалиминин комптетенттүүлүгүнө байланыштуу маселелер каралды. «Филолог мугалимдин компетенттүүлүгү» деген термин компетенция, компетенттүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк, адистик компетенттүүлүк, педагогикалык ишмердүүлүк, окутуу процесси, окуу предмети, класстык коллектив, коммуникабелдүүлүк, окуучулардын үйрөнүү деңгээли, психологиялык компетенттүүлүк, ишмердүүлүк, улуттук баалуулук, адамзаттык баалуулук, мугалимдик көндүмдөр сыяктуу түшүнүктөрдү өз ичине камтыйт. Өлкөбүздө мугалимдин компетенттүүлүгү тууралуу кеңири изилдөө жүргүзүлбөгөнүнөн бул изилдөөнүн зарылдыгын айтууга толук негиз бар. Мугалимдин кесиптик ишбилгилигин жогорулатууда билим өркүндөтүүчү курстардын мааниси өтө зор. Мугалимдин кесиптик иш билгилиги азыр өтө курч маселе болуп жаш муундарды базар экономикасы шарттарында коомго даярдоодо өтө маанилүү, анткени балдардын жашоосунда өзгөрүшү татаал болгон кээ бир сапаттар орун алат. Ошону менен катар педагогикалык иш билгиликти мугалим өзү өнүктүрүүсү, билим берүү ишмердигин жогорулатуусу деп айтууга болот. Ал аркылуу мугалим кесиптик деңгээлин жогорулата алат.

Негизги сөздөр: мугалим, компетенция, ишмердүүлүк, филолог, мамлекеттик тил, педагог, профессионализм, окуу процесси, психология, квалификация, эрудиция, максат.

В научной статье рассматиривается компетентность учителя филолога и госязыка. Термин “Компетенция филолога» включает в себя термины как: компетенция, компетентность, профессиональная компетентность, педагогическая деятельность, учебный процесс, предмет, класс, учебный предмет, коллектив, коммуникабельность, уровень образованности учащихся, психологическая компетентность, деятельность, национальная ценность, общечеловеческие ценности. В связи с отсутствием обширных исследований компетентности учителей в нашей стране есть все основания говорить о необходимости такого исследования. Большое значение в повышении профессиональных навыков учителей имеют курсы повышения квалификации. Профессионализм педагога сейчас является очень важным вопросом в подготовке молодого поколения к жизни в условиях рыночной экономики, ведь в жизни детей есть качества, которые трудно изменить. Были выводы о том, что педагогический труд – это развитие навыков самим учителем, повышение воспитательной активности. Через нее учитель может повышать свой профессиональный уровень.

Ключевые слова: педагог, компетентность, филолог, госязык, деятельность, воспитатель, профессионализм, учебный процесс, психология, квалификация, эрудиция, цель.

The scientific article examines the competence of a philologist and state language teacher. The term «Competence of a philologist» includes terms such as: competence, competency, professional competence, pedagogical activity, educational process, subject, class, academic subject, team, communication skills, level of education of students, psychological competence, activity, national value, universal values. Due to the lack of extensive studies of the competence of teachers in our country, there is every reason to talk about the need for such a study. Professional development courses are of great importance in improving the professional skills of teachers. The professionalism of a teacher is now a very important issue in preparing the younger generation for life in a market economy, because there are qualities in the life of children that are difficult to change. There were conclusions that pedagogical work is the development of skills by the teacher himself, an increase in educational activity. Through it, the teacher can improve his professional leve

Key words: teacher, philologist, state language specialist, competence, activity, educator, professionalism, educational process, psychology, qualification, erudition, goal.

Компетенция – (лат. competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү) – окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим

даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси). Тил окуткан филологдун компетентүүлүгү же ишбилгилиги деген эмне? Кандай мугалимди ишбилги дей алабыз? Алардын мугалимдик кесипке компетенттүүлүгү кантип аныкталат? Адистердин кайсысынын компетенттүүлүгү кандай болуш керек? Жөнөкөй мугалим менен жетекчинин ишбилгилик деңгээли кандай аныкталат? Мугалимдин ишбилгилигин текшерип жатып, ал иштеген окуу жайдын абалы, мугалимдин ишинин ийгиликтүү болушуна таасири тууралуу эмнелерди эске алышыбыз керек? - деген суроолор билим берүүдө ар бир мезгилде айтылып келет. Жалпы жолунан, компетенттүүлүк – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү. Айрым окуучулардын билимдерин ченемдик баалоо окуп жаткандардын өзүнчө тобунун даярдык деңгээлине карата жүргүзүлөт. Анын максаты – айрым окуучулар менен калган окуучулардын ортосунда билимдерин иш жүзүндө салыштыруу «Филологдун компетенттүүлүгү» деген термин компетенция, компетенттүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк, адистик компетенттүүлүк, педагогикалык ишмердүүлүк, окутуу процесси, окуу предмети, класстык коллектив, коммуникабелдүүлүк, окуучулардын үйрөнүү деңгээли, психологиялык компетенттүүлүк, ишмердүүлүк, улуттук баалуулук, адамзаттык баалуулук, мугалимдик көндүмдөр сыяктуу түшүнүктөрдү өз ичине камтыйт

Жалпы эле мугалимдик мүчүлүштүктөр тууралуу Н.Роджерс өз пикирин мындайча билдирген: «Гуманисттик психологияда» мугалим окуучуларды башкаруу компетенциясында, бири-биринин ички дүйнөсүн үнсүз кабыл алууга, педагогикалык иштин баардык катышуучуларынын окууга умтулуусуна артыкчылык берилет, анткени ар бир бала чыгармачыл потенциялга жана кайталангыс тажрыйбага ээ. Бүгүнкү күндө окуучунун чыгармачыл табиятын ачуу олуттуу болуп, «чыгармачылык биздин жашоодо ажырагыс экендиги, чыгармачылыкка тыюу салуу өзгөчө инсандын деңгээлинде, ошондой эле бүткүл маданияттын деңгээлинде «ооруну» чакыра тургандыгы мугалимдик кесиптеги абдан маанилүү каталардын бири болуп эсептелет» [8, 4]. Ал эми Г.М. Коджаспирова «Педагогикалык ишмердүүлүк башка ишмердүүлүктөр сыяктуу эле компетенттүү болушу керек ал аныкталган билгичтиктерге ээ болууну талап кылат. Мугалимдин компетенттүүлүгү андагы аныкталган сапаттардын өнүгүү деңгээли менен аныкталат: педагогикалык эрудиция педогогикалык максатты аныктай билүү педагогикалык ой жүгүртүү интуиция, импровизациялоого жөндөмдүүлүк педагогикалык оптимизм жана педагогикалык рефлексия [1, 26-б.] - деп жыйынтыктайт. Ал эми мугалимдин профессионалдык компетенттүүлүгү - бул педагогикалык ишмердүүлүктү, педагогикалык пикир алмашууну эң жогорку деңгээлде жүргүзүү. Анда мугалимдин эмгеги натыйжалуу жыйынтыкты түзөт жана тиешелүү окуучулардын окуу жетишкендиктери жана тарбияланышы орун алат. Педагогдун профессионалдык компетенттүүлүгүнүн негизин мугалимдин төмөнкү инсандык касиеттери түзөт:

1. Инсандын багыттуулугу (инсандын багыттуулгу жана анын түрлөрү).

2. Педагогикалык-психологиялык касиеттери (педагогикалык чеберчиликтери, анын мүнөзү жана өзгөчөлүктөрү, инсандын абалы жана психологиялык ойлору).

3. Инсандын интегралдык касиеттери (педагогикалык аң-сезимдүүлүгү, жеке стили, чыгармачылыктын потенциалы болгон креативдүүлүгү) [1, 123-б.].

Кыргыз педагогикасынын өкүлү М.Ч. Өмүралиев өзүнүн «Келечектеги башталгыч мектептин мугалимдеринин маалыматтык-компьютердик технологияларды колдонуу көндүмдөрүн калыптоонун дидактикалык негиздери» аттуу диссертациясынын авторефератында башталгыч класстарындагы мугалимдин компетенциялык мүчүлүштүктөрү катары мындайча оюн билдирген:

1. Башталгыч класстын окуучуларынын математикалык билим алуу көрсөткүчтөрүнүн жалпысынан алганда дурус эместиги;

2. Башталгыч билим берүү адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн айрым бөлүгүнүн кесиптик компетенциясынын толук калыптанбагандыгы жана алардын математикалык билим берүүгө өзгөчө маани бербегендиги;

3. Башталгыч класстын мугалимдеринин сабагында мультмедиалык технологияларды колдонуп окутуу тажрыйбаларынын жетишсиздиги;

4. Предметтик мугалимдер менен башталгыч класстардын ортосундагы чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн ортосундагы байланыштын жоктугу;

5. Компьютердик технологияны башталгыч класстардын сабактарын окутууда колдонуу боюнча методикалык көрсөтмөлөрдүн, окуу материалдарынын жетиштүү деңгээлде иштелип чыкпагандыгы [5, 47-б.].

Педагог Т.Н. Умаров башкаруучулук компетенттүүлүк боюнча: «Ошентип мектеп ишмердүүлүгүнүн педагогикалык жана башкаруучулук негиздеринин татаалданышына жараша бүгүнкү бүтүрүүчү-педагогдордон башкаруу маданиятынын деңгээли жана формаларынын натыйжалуулугу, мектеп жетекчиси менен педаггикалык жамааттын ортосундагы, мугалим менен окуучулардын ортосундагы, ата-эне менен мугалимдин ортосундагы жаңы мамилелердин пайда болушу каралды, бул болсо башкаруу парадигмасы менен маданиятынын алмашуусун билдирет. Ушундан улам чечимди тандоо стили да рынок мыйзамдарына байланыштуу алмашат» - деген аныктамасын айткан [6, 24-б.]. Филолог мугалимдин эң негизги милдеттери жаш жеткинчектерди, жогорку класстын окуучуларын өз мекенин, өз эне тилин сүйүүгө тарбиялоо, мектеп окуучусунун ар тараптан өсүшүнө жардам берүү, алардын аң-сезимдүүлүгүн арттыруу, жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша ыймандуулукка, адептүүлүккө багыттоо экендигин мугалимдер эске алуу менен билим менен тарбияны ширелиштирип иш алып баруулары кажет болгондуктан, мугалимдин дагы адистик деңгээли, иш-тажрыйбасы, билим көрөңгөсү да жетиштүү болуусу шарттуу экендигин турмуш өзү тастыктап отурат. Эгерде мугалим өз сабагында окуучуларды туура уюштуруп, туура башкара билсе, анда окуучунун сөз байлыгы өсүп, өзүнүн айлана-чөйрөсүндөгү чындыкты, кубулушту жана окуяларды үйрөнүп билип, алган билиминин негизинде уламдан-улам аң-сезими, акыл-эси кеңири байып отурат. Башталгыч мектепте окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө, таанып билүү жөндөмүнө ылайык интеграцияланган предметтер окутулат. Алар: эне тили, математика, мекен таануу, көркөм өнөр, музыка, чет тили, дене тарбиясы ж.б. Башталгыч класстын мугалиминин өз билимин жогорулатуусунун бир канча жолдору бар. Биринчиден, квалификациялык категорияга ээ болуш үчүн өз ордунда эле калуу менен аттестациядан өтүү. Экинчиден, кесиптик билимдин деңгээли жана тепкичтери боюнча акырындык менен которулуу (жогорку билимдүү бүтүрүүчү аспирантурага тапшырат). Мугалимдин компетенттүүлүгүнүн деңгээли базалык билими; кийинки өз билимин жогорулатуусу; илими даражасы жана наамы; педагогикалык иш стажы; практикалык иш тажрыйбасы менен аныкталат.

С.Д. Якушева мугалимдин профессионалдык педагогикалык компетенттүүлүгү-мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн калыптангандыгын, педагогикалык мамиле кылуунун жана аныкталган баалуулуктардын, идеялардын жана педагогикалык аң-сезимдин алып жүрүүчүсү катары мугалимдин инсандыгын аныктоочу жана ага зарыл болгон билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн суммасына ээ болуусу [9, 87-б.]. Ал эми В.С. Кукушин «педагогикалык компетенттүүлүк» түшүнүгү билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү өз ичине камтыйт, ошондой эле алардын инсандык өнүгүүсүндө ишке ашыруунун ыкмалары жана жолдору мугалимдин адистик компеттенттүүлүгү" - деген [3, 158-б.]. Тил сабагынан берген мугалимдин башкаруучулук компетенциясы анын усулдук иштеринин, жамаат менен тил табышуунун, окуучулар менен иш алып баруунун чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн жогору экендигине байланыштуу. Мугалимдин башкаруучулук компетенциясын аныктоо үчүн төмөнкү критерийлер иштелип чыккан. Натыйжалуулук критерийи, ага билим, тарбия жана баланын жалпы өнүгүүсү аркылуу жетишет, эгер буга бөлүнгөн убакыт ичинде кошумча жүктөмсүз эле мугалимдин окутуусу жана тарбиялоосунун натыйжасында өсүү байкалса, биз көздөгөн деңгээлге жетсек, демек бул критерий ишке ашкан болот; Усулдук иштердин үнөмдүүлүгү критерийи өз алдынча билим алуу жана усулдук ишке багыт алып, ылайыктуу убакыт жана күч сарптоо менен мугалимдердин жана тарбиячылардын чеберчилигинин өсүшүндө турат. Мугалимдин башкаруучулук ишинин оптималдуулугу критерийи анын окутуудагы керектүү усулдарга ээ болуусунда жана өзүнүн окуу-тарбия ишинде эң эле максатка ылайык билгичтиктерди, заманбап маалыматтык каражаттарды жана каталогдорду пайдалануусунда турат.

Ошентип мугалимдин башкаруучулук компетенциясы усулдук иштин даярдоо туура жүргүзүү иштерине көз каранды:

- ар бир окуучу класста өз оюн так, толук айта ала турган мүмкүнчүлүк түзүү;
- сабакты максатына ылайык өтүү;
- сабакта тоскоол боло турган нерселерди азайтуу;
- балдардын сабактагы көңүл буруусунун туруктуулугуна жетишүү;
- жаш балдардын позитивдүү мамилелерин, жүрүм-турумдарын колдоого алуу, мактоо;
- мактоону туура жана таасирдүү колдонуу;
- сабактын жана теманын өзгөчөлүгүнө жараша жеке же топтук иштерди аткартуу, ар бир окуучуга өз билимин өркүндөтүүгө көмөк бере турган демократиялык шарт түзүү.

Жогорудагы көз караштарга таянсак, кесиптик жарамдуулук педагогикалык ишмердүүлүктүн ийгиликтүү болушун өтө зарыл бирок кесиптик даярдоого ылайык келүүнү гана туюнткан жетишсиз шарты. Кесиптик жарамдуулук кесиптик даярдоо процессинде кесипке даяр болгон деңгээлге өсүп

жетиши мүмкүн. Мындай талаптарды эске алып, жогорку педагогикалык билим берүүнүн базалык компоненттерин өркүндөтүү планындагы принципиалдуу жаңычылык катары И.А. Колесниковдун проектилөө изилдөөсүн эсептөөгө болот. Анын эмгегинде жаңычыл методологиялык жана технологиялык мамиле жасоонун негизинде мугалимдерди кесиптик даярдоонун мазмунун гумандаштыруу проблемалары каралган [2, 19-б.]. Балдарды маалыматтарды, жаңылыктарды бат үйрөнүп, жасаган нерселерин, тапшырмаларын, эмгектерин баалап, натыйжада аларды өнүктүрө турган кеңеш берүү менен бирге, бааларды жарыя угузуу, андан ары үйрөнүүгө түрткү берүү. Өлкөбүздө мугалимдин компетенттүүлүгү тууралуу кеңири изилдөө жүргүзүлбөгөнүнөн бул изилдөөнүн зарылдыгын айтууга толук негиз бар. Мугалимдин кесиптик ишбилгилигин жогорулатууда билим өркүндөтүүчү курстардын мааниси өтө зор. Мугалимдин кесиптик иш билгилиги азыр өтө курч маселе болуп жаш муундарды базар экономикасы шарттарында коомго даярдоодо өтө маанилүү, анткени балдардын жашоосунда өзгөрүшү татаал болгон кээ бир сапаттар орун алат. Ошону менен катар педагогикалык иш билгиликти мугалим өзү өнүктүрүүсү, билим берүү ишмердигин жогорулатуусу деп айтууга болот. Ал аркылуу мугалим кесиптик деңгээлин жогорулата алат. Алгач башталгыч класстын мугалими сабактын максатын так аныктап алышы парз.

Адабияттар:

1. Коджаспирова Г.М. Словарь по педагогике / Г.М. Коджаспирова. – Москва. 2005. - 63.
2. Колесников И.А. Педагогическое проектирование / И.А. Колесников. – Москва: Академия, 2005. – 288 б.
3. Кукушин. В.С. Педагогика начального образования / В.С. Кукушин. – М., 2005. 592 б.
4. Маркова А.К. Психология труда учителя / А.К. Маркова. – М. Просвещение, 1993. - 23 б.
5. Өмүралиев М.У. Келечектеги башталгыч мектептин мугалимдеринин маалыматтык-компьютердик технологияларды көндүмдөрүн калыптоонун негиздери. // Өмүралиев М.У. / Диссертация. – Бишкек, 2012. - 184 б.
6. Умаров Т.Н. Болочок мугалимдерди оозеки чыгармалар аркылуу окуучуларды адептик жактан тарбиялоого даярдоо. // Т.Н. Умаров Диссертация. – Бишкек, 2015. - 125 б.
7. Сияев Т.М. Педагогикалык теориялар, системалар, технологиялар. / Т.М. Сияев. – Б., 1999. - 186.
8. Роджерс Н. Творчество как усиление себя. / Журнал «Вопросы психологии». / Н. Роджерс. 1990. - №3. – С. 165.
9. Якушева С.Д. Основы педагогического мастерства. / Якушева С.Д. – Оренбург, 2004. – 230 с.